УДК 801.82(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-33-37

**Талиева Камила Абдыразаковна**
И. Арабаев атынындагы КМУ, ф.и.к., доцент
**Талиева Камила Абдыразаковна**
КГУ им.И.Арабава, к.ф.н., доцент
**Talieva Kamila Abdyrazakovna**
KSU I.Arabava, Candidate of Philological Sciences, associate professor

# «АЛПАМЫШ» ЭПОСУНДАГЫ ҮЙЛӨНҮҮ МОТИВИНИН ТРАДИЦИЯЛУУ СЮЖЕТТИК ӨЗӨГҮ ЖАНА МОТИВИНИН КОМПОЗИЦИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ
# СВАДЕБНЫЙ МОТИВ В БЫЛИНЕ «АЛПАМЫШ» КОМПОЗИЦИОННАЯ СТРУКТУРА ТРАДИЦИОННОГО СЮЖЕТНОГО ЯДРА И МОТИВА
# THE WEDDING MOTIF IN THE EPIC "ALPAMYSH" THE COMPOSITIONAL STRUCTURE OF THE TRADITIONAL PLOT CORE AND MOTIF

**Аннотация:** Макалада объектиге алынып изилденип жаткан маселе түрк тилдүү элдердин баатырдык эпостору жана бул элдерге орток болгон «Алпамыш» версиясынын алкагында каралып жаткан үйлөнүү мотивине байланыштуу традициялуу сюжеттик өзөк жана анын композициялык түзүлүшү боюнча кеңири сөз болот. Макалада бир кездердеги этникалык карым-катнаш, байланыш, көчмөнчүлүк коом, байыркы феодалдык доор мезгилдеринде уруулар кимиси, кайсы аймакты ээлеп, ээлик кыла баштаган мезгилде оозеки тараган эпос, ошол аймактардын географиялык аталышы менен берилиши ыктымал болуу керек.

**Аннотация:** В статье подробно рассматривается традиционный эпический сюжет и его композиционная структура в связи с героическими эпосами тюркоязычных народов и свадебные мотивы, рассматриваемые в «алпамышском» варианте, разделяемом этими народами. В статье должен быть дан устный эпос об этнических отношениях, связях, кочевом обществе того времени, кем были племена в древнефеодальную эпоху, когда они стали занимать и владеть территорией, и географические названия этих областей.

**Annotation:** The article examines in detail the traditional epic plot and its compositional structure in connection with the heroic epics of the Turkic-speaking peoples and wedding motifs considered in the "Alpamysh" version shared by these peoples. The article should contain an oral epic about ethnic relations, connections, the nomadic society of that time, who the tribes were in the ancient feudal era, when they began to occupy and own the territory, and the geographical names of these areas.

**Негизги сөздөр:** сюжет, мотив, эпикалык чыгарма, эпос, үйлөнүү, баатыр, окуя, манасчы.

**Ключевые слова:** сюжет, мотив, эпос, эпос, свадьба, богатырь, повесть, манасчи.

**Keywords:** plot, motive, epic, epic, wedding, hero, story, manaschy.

Сюжет жөнүндө кеңири изилдөөлөр, аныктамалар эпикалык чыгарма боюнча да, адабият таануу тармагы боюнча да болуп, ал жөнүндө ар заманда ар түрдүү тыянактар жасалып келди. Француз тилинен алганда сюжет (sajet) окуялардын бир-бири менен болгон байланышы дегенди түшүндүрөт. Ал окуялар эбегейсиз мейкиндикти кучагына алуу менен, андагы окуялар, көркөм чыгарманын тулку боюна биригип, бир бүтүндүктү түзөт. Бул жазма

профессионалдык адабиятка дагы, оозеки маданий мурастарга да таандык. Орус адабиятында XIX кылымдан бери жогорудагыдай түшүнүктө белгилүү болгон экен.

Илимий чөйрөдө белгилүү чоң окумуштуу А. Н. Веселовский сюжеттик түзүлүш – анын схемасы калыптанышы боюнча фундаменталдуу эмгектерди жараткан. Өзүнүн эмгектеринде А. Н. Веселовский сюжетке мотивтердин комплекси катары аныктама берет. Цитата алып көрөлү: «Под мотивом я разумею формулу, отвечавшую на первых порах общественности на вопросы, которые природа всюду ставила человеку, либо закреплявшую особенно яркие, казавшиеся особенно важными или повторяющиеся впечатления действительности. Признак мотива – его образный одночленный схематизм». Простейший род мотива может быть выражен формулой а+в: злая старуха не любит красавицу и задает ей опасную для жизни задачу. Каждая часть формулы способно видоизмениться, особенно подлежит приращению в; задач может быть две, три и более; по пути богатыря может быть встреча, но их может быть и несколько. Так мотив вырастал сюжет.

Сюжеты – это сложные схемы, в образности которых обобщились известные акты человеческой жизни и психики в чередующихся формах бытовой действительности. [1. 494-495].

Башка бир тыянакты сюжет боюнча орус формалисттери өнүктүрүп «сюжет – как художественно построенные распределение событий в произведении», – дейт Б. В. Томашевский. [5.180-187]

Советтер Союзунун убагында жогорудагыдай пикирлер уланып, П. Михайлов, Б. Михайловский [3.140]

«Сюжет Литературная энциклопедия» деген эмгегинде сюжеттин бир бутагы фабула деген пикирге кошулган.

Ал эми ушул эле ойду колдоп, окумуштуу Г. Н. Поспелов: «Сюжет – чыгарманын динамикасы, окуянын кыймылы, жүрүшү; фабула – анын композициясынын динамикасы, бул сюжеттин мотивировкасынын түшүндүрмөсү», – дейт, дагы ал оюн кеңейтип, тактап: «Сюжет – не содержание литературного изображения, сюжет есть его форма. Это не предмет художественного изображения, а лишь его средство. [4.173]

Жогорудагы теориялык тыянактарга карата эпикалык чыгарма боюнча айтсак: Эпикалык чыгармада сюжет чыгарманын өзөктүү окуяларында берилген ар кандай турмуштук кубулуштардын, кыймылдардын албетте белгилүү бир ыргакта өз ара синкреттүүлүк менен тутумдашып, жалгашып өнүгүп жүрүп олтурушу менен эпикалык чыгарманын жалпы сюжетин түзөт. Сюжеттеги ар бир окуя чакан көркөм драматизациялык курулуштан турат да чогулуп олтуруп бир толук картинаны жаратат.

Сюжетте биримдиктүү окуялар тактап айтканда персонаждардын кыймыл - аракетин, ар тараптуу мисалы сезимин, тагдырын, эмоционалдуу психологиялык абалын ж.б деталдуу чагылдырып жатып, жалпы кырдаалдын ачылышына алып келет.

Мисалга алсак, кээде сюжетте экспозициялык сүрөттөө орун алат да андан соң конфликттик кырдаал жаралып, андан ары каармандын алдында бир проблема мисалы, «душмандан өч алуу», же «ашыгын туткундан бошотуп алуу» өңдүү мотивировкаларда ачылат, мындай учурда ички сюжет өтө татаалдашып, кээде кайталануучулукка ээ болот. Албетте, сюжеттин өзөгүндө ич ара бутактанган майда окуялар бар, алар фабулалык функцияны аткарып окуянын кызыгын арттыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кээде сюжетте экспозициялык сүрөттөө орун алат дедик, конфликт болгондон кийин баштапкы окуя тез өзгөрөт.

Мисалы, Байбөрү Тайши хан келип чаап кеткенден кийин Алпамышка ачуусу менен бир тийип, жылкыларымды кайтарып келбесең, экинчи көзүмө көрүнбө деп жатат. Биринчиден, Алпамыш жалпы кырдаалдын алкагында эли-жерин коргоо, душмандан өч алуу керектигин биринчи орунга койсо, экинчи жагынан психологиялык таасирдин алкагында колуктусун алып келээри менен ушундай абал, атасынан сокку жегени болду. Андан ары окуя баштагыдан беш бетер чаташып баатырдын желмогуз мастан кемпирге жолуккандагы тагдыры ого бетер татаалдашып жатат.

Демек сюжет, эпикалык чыгарманын динамикалык өнүгүүсүндө ылайым эл бир кылка өнүгүүгө ээ эмес, кээде күтүлбөгөн, окуялар жаралып өзгөрүп, негизи композицияга көз каранды болуп турат. Мындай татаал ыргактарга якуттардын Нюргун баатырдын жүрүшүндөгү окуяларды алсак болот. Мисалы баатыр бүтүндөй үч дүйнөдөгү кара күчтөр менен салгылашат. Бет алган душманы бирөө эмес бир канча. Ар бир душманы менен кагылышып жеңишке жеткиче ички сюжеттик окуялардын топтору биригет.

Дээринде баатырдык эпостордогу үйлөнүү мотиви композициялык жактан экспозициялык түрдө болуп, тактап айтканда баатырдын төрөлүшүнөн тартып финалына чейинки окуянын пайда болушунан, өнүгүшүнөн, андан ары кеңири кулач жайып барып кульминациялык чекитине жетип, анан кайрадан чечиле баштайт.

Ушул проблеманын талданышын жалпы эле түрк тилдүү элдердин орток чыгармасы болгон «Алпамыш» эпосунун алкагында карап көрсөк. «Алпамыш» эпосундагы үйлөнүү мотивин талдоодон мурда бул чыгарма тууралуу токтолуп өтүүнү орундуу көрдүк.

«Алпамыш» эпосундагы үйлөнүү мотивинин композициялык түзүлүшү

1. Мындагы экспозициялык баяндоодо Сыр дайранын жээгинде Коңурат элинин жай турмушу баяндалат. Бейпил, телегейи тегиз жашаган эл. Байбөрүнүн байлыгы ашып-ташып жашоонун дооранын сүрүп турган кезинде досу Сарыбай менен жакшы мамиледе болот. Ал досу чекти уруусунан.

2. Убакыт өтүп карып бара жаткан кезде ойлонот. Баласыздыгы, тукумсуздугу психологиялык жактан абдан курчуп турган кезинде күңдүн баласынын төрөлүшү, бул кырдаалда кайрадан жай турмуш абалына алып келет.

3. Ултандын начар чыгып калышы. Байбөрүнү убайга салган кырдаал. Кайрадан баягы абалына түшүп калышы окуяны чиеленте баштайт.

4. Бала тиленүү. Мына ушул жерден ички сюжеттик окуя башталат. Баатырдын төрөлүү мотиви ички сюжеттик окуянын өзөгүн түзөт.

5. Окуя чиеленет. Олуяга жолугушу. Батадан бүткөн бала. Аналык менен Байбөрүнүн кыйналап өткөргөн күндөрү артта калып, үмүтү жанып элине жакшы маанай менен кайтышат.

Кайрадан жай турмуш өкүм сүргөндөй балалуу болуп той өткөрөт. Баланын тентек, башкача тез чоңоюшу кийинки окуяга мотивация түзөт. Эч бир окуя себепсиз жаралбайт жана курчубайт. Аны шарттап турган бир нерсе болот.

6. Бир кемпирдин жалгыз баласы болот экен, Алпамыш ойноюн деп барса, бала коркуп кетип энесинин колтугуна кире качат. Энеси жалгыз баласын коргоп ачуу сөз айтат. «Кыйын экенсиң, сенин кудалашкан кызыңды бербей, Сарыбай көчө качты го, ошону таап албайсыңбы» – дейт (кыргыз. версия) Бул жердеги конфликт чиеленип баштаган окуяны курчутуп тездетет.

Баягы жай турмуш эми өзгөрө түшөт ал каармандын, тактап айтканда Алпамыштын оюна бүлүк салат, намысына тийет. Ал эми бул конфликтик кырдаал өзбек версиясында Байсарынын таарынычында жанданат. Алпамыш атасынын жаасын алып тоону көздөй атса,

жебе мөңгүгө тийип, Байсарынын жайытын мал-салы, айылы менен кошо басып калып, Байсары буга кызымды бербеймин деп түн жамынып калмактарды көздөй көчө качат.

Ички сюжеттик окуя үйлөнүү мотивинен түзүлгөн. Анткени баатырдык эпостордун традициясында кыз издөө деген тема бар. Ар кандай окуялык кырдаалга, себепке жараша баатыр өзүнүн антташканын издейт, табуу аракетинде жүрүп, ар кыл окуяны башынан кечирет. Баатырдын ушул жүрүшүндө анын баштапкы балалык мезгили да өтөт, тез эле балтыр эти толгон, баралына келген жигиттик курагы сүрөттөлүп калат.

Эске сала кетүүчү бир нерсе, бул эпикалык чыгарманын каармандарынын жаш өзгөчүлүгү ченелбейт. Болжолдуу түрдө портреттик сүрөттөө персоналдык сапаттарына арналып жатса «жыйырмадагы жашы бар», «он экиде жашы бар», «он жашка чыккан жашы бар» – деп айтылат. Өтө жаш болсо да «он жаштагы келбети, отуздагы жигиттей» деген салыштыруу менен баяндалып басым анын он жаштагысына эмес, жигиттик курагына келип калгандыгын апыртуу гипорболизациялык салыштыруу иретинде чагылдырылат.

Баяндоочу мындай конфликтик кырдаалда Алпамыштын кыймыл-аракети аркылуу туюндурулат. Ал эч кимге эч нерсе айтпай атасынан, же энесинен сурабай, түз эле келип чоң үкөктү ачып курал-жарак, жоо кийимдерин алып кийип, сыртка чыгып, өзүнө ылайыктуу тулпар тандоого киришет. Баатырга ылайык тулпар, эпикалык чыгармаларда өзүнчө мотив. Бул жерде ички сюжеттик өнүгүүнүн бөлүнбөгөн компоненти катары берилип жатат. Эпикалык традицияда баатырдын тулпары өзү менен бирге төрөлөт, бир күндө, бир саатта, (Ак кула «Манас»), (Рахш «Рустамиаде»), (Санал «Жангар») сыяктуу. Же теңирден белек тулпар болот (Көк телки Чубактын); экинчиси эмчектеш болушу мүмкүн, «Кара жорго» (кара калпак.), «Ак боз ат» (башкыр, кара калпак.), үчүнчүдөн, сатып алышы мүмкүн (Ак кула С.К.Ж.М.).

Кээде тулпар сан жылкынын ичинен өзү бөлүнүп, баатырды тандаганы бар. Байшубар (башкыр, казак.), Чубар (кыргыз.). Алпамышты өзү тандайт. Жүгөн салынбаган азоону көндүрүү дагы болочок баатырдын жана тулпардын бири-бирине татыктуу болушу керек экендигинен келип чыгат.

Ошентип, Алпамышка топ жылкынын ичинен бөлүнүп чыккан Чубар жагат, Чубарга Алпамыш жагат. Алпамыштын жоо жарагын кийингенден баштап, өзүнө тулпар тандаганга, жолго чыкканга чейинки процесс чиеленген окуянын кенен өнүгүшүнө алып келди.

Бул жерде жоо-жарак, кийимдер, тулпар тандоо өз алдынча чоң сүрөттөөлөргө ээ болуп, кээде бүтүндөй бир эпизоддук сюжетте чыгат. («Манас», «Семетей», «Маадай кара»)

Анда баяндоочу айтуучу, манасчы дейбизби өзүнүн чыгармачылык күчүнө жараша интерпретациялайт. Колдо турган «Алпамыштын» казак, өзбек, кыргыз версияларында мындай өз алдынча чоң окуя жок, ошондой болсо да үстүртөн баяндоо бар.

Мисалы, курал - жарагы зоот кийими жөнүндө: «Неожиданно его обуял гнев. Алпамыс ворвался в свою белую юрту и одним ударом раскрошил на кусочки кованный серебром сундук длиной в сорок армии, в котором хранились оружие и доспехи, изготовление специально для него. Надел на себя стальную кольчугу, затянулся золотым поясом, вооружился всеми пятью видами оружия и направился в степь, где послись многочисленные табуны лошадей. Добравшись до лучшего отцовского табуна, Алпамыс стал выбирать себе коня, который, как говорят в народе мог бы стать крыльями настоящему джигиту. Не на одного скакуна он попытался набросить аркан, статного, с густой, ниспадающей до земли гривой, но ставшие почти дикими и лощади близко не подпускали к себе человека. Алпамыс, которого и без того душила злость, вовсе вышел из себя.

Неожиданно из множества лощадей высочил конь чубарой масти. Он затенцевал перед Алпамысом, стараясь стать к нему боком. Конь был сложен не дурно, однако сразу же в глаза бросалось его худоба, отчетливо выдовались широкие ребра, и он будто бы ничем особенным не выделялся из остальных. Алпомыс в серцах перетянул чубарого уздечкой. Но тот даже не шелохнулся от удара. Наоборот, вытянул вперед гибкую, как у дикого гуся, шею, словно прося, чтобы его взнуздали. Алпамыс разозлился, ведь конь будто и не почувствовал удара. Алпамыс схватил коня за длинный хвост и покрутив животное несколько раз в воздухе, закинул его в сторону. Но, странное дело, чубарый, кувыркаясь в воздухе, пролетел три десятка шагов и стал на земле, как вкопанный, на все четыре ноги. Понравился это Алпамысу. Давольный выбором и назвал его неукротимый Байшубар».[2.498]

Баатырдын соот кийими, тулпар тандаганы үстүртөн болсо да байыркы катмардын элементтерин көргөзөт, анын тулпар тандоосу дагы жомоктук фантастикалык боёктор менен чагылган. Бул эки компонент ички сюжетикадагы негизги элемент, балким фабулалык функцияны аткарып композициялык жактан окуя уламдан-улам кызыктуу боло баштайт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Веселовский А. Н. Историческая поэтика [Текст]/ А. Н Веселовский. – М., 2004. 494-495,648б

2. Мирбадалев А.С., Мирзоева Т. «Алпамыш-Алпомиш». Узбекский народный героический эпос [Текст]/ под. ред: Ташкент:Фан,1999.498-б, 831б.

3. Михайлов П., Михайловский Б.Сюжет. Литературная энциклопедия 11 том [Текст]/П. Михайлов, Б. Михайловский.- Москва:АН СССР.1939-жыл.140-б

4. Поспелов Г. Н. Вопросы методологии и поэтики. Сборник научн. статей [Текст]/ Г. Н. Поспелов. – М: Прогресс 1983,173-б

5. Томашевский Б. В. Теория литературы. Поэтика. [Текст]/Б. В. Томашевский – М:Наука. 1996. 180-187-б

УДК 801.82(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-37-43

**Талиева Камила Абдыразаковна**
И. Арабаев атынындагы КМУ, ф.и.к., доцент
**Талиева Камила Абдыразаковна**
КГУ им.И.Арабава, к.ф.н., доцент
**Talieva Kamila Abdyrazakovna**
KSU I.Arabava, Candidate of Philological Sciences, associate professor

## ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАГЫ ЖАР ТАНДОО
## ВЫБОР НЕВЕСТЫ В ФОЛЬКЛОРЕ
## CHOOSING A BRIDE IN FOLKLORE

**Аннотация:** Макалада элдик оозеки чыгармалардагы жар тандоо жана үйлөнүү мотивиндеги каада-салт жөрөлгөлөрү «Манаста», «Семетейде», «Эр Төштүктө» жана башка элдик оозеки чыгармаларда салттык насилдин толук маанисинде кенен чагылдырылган жана бул алкакта сөз кылууда баатырдык эпостордогу үйлөнүү мотивинин элдик каада-салт